УДК: 82 – 1 / - 29
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-109-114

ТИЛЛЕБАЕВ С.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
ТИЛЛЕБАЕВ С.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
TILLEBAEV S.A.
KNU Jusup Balasagyn

РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВДУН “АРАЛАШ ТӨКМӨ” ДЕП АТАЛГАН ТЕРМЕСИ ТУУРАЛУУ

ПОЭТИКА ТЕРМЕ РАЙКАНА ШҮКҮРБЕКОВА “АРАЛАШ ТӨКМӨ”

POETICS OF THE TERME “АРАЛАШ ТӨКМӨ” BY RAIKAN SHUKURBEKOV

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз фольклорунда байыртан бери айтылып келе жаткан жанрлардын бири болуп терме ырлары эсептелет. Төкмө акындар тарабынан да терме ырлары кеңири ырдалган жана азыр да ырдалып келет. Профессионал адабиятыбыз түптөлүп, анан өнүгүп-өскөн соң да акындар тарабынан терме жанрындагы ырлар жазылган жана өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлгөн. Атактуу акын Райкан Шүкүрбеков профессионал адабияттын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болуу менен бирге терме ырларынын өтө көп үлгүлөрүн жараткан жана атактуу акындын ал чыгармалары, жогоруда атайын белгиленип өткөндөй, жанрдын гүлдөп өнүгүшүнүн бирден бир себепкери болушкан. Р.Шүкүрбековдун бул түрмөктөгү чыгармаларынын эң алгачкысы болуп “Аралаш төкмө” деп аталган термеси. Бул чыгармага арналган изилдөөбүздүн биринчи бөлүгүндө белгилүү терме структуралык жактан Күнчыгыш адабиятынын улуу өкүлдөрүнүн өлбөс-өчпөс чыгармаларынын контекстинде каралды жана калптар, гиперболалар, апыртып айтуулар сыяктуу көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу конкреттүү мисалдардын негизинде талдоого алынды.

Аннотация: Терме являются одним из древних жанров кыргызского фольклора. В творчестве акынов-импровизаторов произведения в жанре терме широко исполнялись и до настоящего времени сохраняют свою актуальность. Со становлением и дальнейшим развитием профессиональной литературы акыны новой волны создали множество терме, благодаря чему данный жанр поднялся на новый уровень. Знаменитый поэт Райкан Шукурбеков был одним из видных представителей профессиональной кыргызской литературы. Он создал множество образцов терме, и, как уже отмечалось выше, эти произведения стали одной из основных причин расцвета данного жанра в кыргызской литературе. Одним из первых произведений Р. Шукурбекова в этом цикле стало терме «Аралаш төкмө» («Смешанная импровизация»). В первой части нашего исследования, посвящённого данному терме, произведение анализируется в структурном плане в контексте бессмертных произведений великих представителей литературы Востока. Такие художественные средства, как небылицы, гипербола и преувеличение, рассматриваются на основе конкретных примеров.

Abstract: Terme's poems are among the oldest works of Kyrgyz folklore. On the part of the Akyn improvisers, the poem of terme was very widely praised and is now also very widely used. With the formation, and after the development of professional literature, the new wave akyns wrote a lot of terms and the term genre rose to a new level. The famous poet Raikan Shukurbekov was one of the prominent representatives of professional literature. He wrote many examples of the term, and these works of the famous poet, as specifically noted above, were one of the main reasons for the dawn of this genre in Kyrgyz literature. One of the first works of R.Shukurbekov in this cycle was the term "Aralash tokmo". ("Mixed improvisation"). In the first part of our study, which is devoted to this term, it is structurally

analyzed in the context of the immortal works of the great representatives of Oriental literature. Such artistic means as tall tales, hyperbole, and exaggeration are analyzed using concrete examples.

Негизги сөздөр: фольклор; профессионал адабият; жанр; терме; төкмө акындар; калптар; гипербола; көркөм деталь; дидактика; эпос; дастан.

Ключевые слова: фольклор; профессиональная литература; жанр; терме; акыны импровизаторы; небылицы; гипербола; художественная деталь; дидактика; эпос; дастан.

Keywords: folklore; professional literature; genre; termes; akyn improvisators; tall tales; hyperbole; artistic detail; didactics; epic; dastan.

Райкан Шүкүрбеков улуттук адабиятыбыздын пайдубалын коюшкан акындарыбыздын бири. “...кыргыз мамлекетин түптөгөн Абдыкадыр Орозбеков, Төрөкул Айтматовдордун, агартуу тармагынын аталары болушкан Эшеналы Арабаев, Осмонкул Алиев, Петр Кузьмич Юдахин, Евгений Дмитриевич Поливановдордун тикеден тике катышуусу менен ачылган Агартуу институту Кыргыз Борбордук педагогикалык техникуму болуп кайра түзүлгөн” [1, 22-б.] соң эки гана жылдан кийин, т.а. 1929-жылы студент болуп кабыл алынган Р.Шүкүрбеков тез эле адабий чөйрөгө аралашып, таанымал калемгерлердин катарына кошулган. Көптөгөн ырларды, поэмаларды, пьесаларды жараткан. Сүрөткердин көркөм мурасынын ичинде терме ырлары өзгөчө орунда турат. Терме ырларындагы алгачкы көркөм туундуларынын бири болуп «Аралаш төкмө» деген чыгармасы эсептелет. Бул терме аталышына ылайык ар кайсы багыттагы ойлорду поэзиянын жатык тили менен ары элпек, ары жеткиликтүү деңгээлде баяндап турат. Чыгарманы дыкаттап окуган адамга терме чакан-чакан киришүү жана соңку, жыйынтыктоочу бөлүмчөлөрдөн, төрт багыттагы ойлордун түрмөгүн баяндаган төрт бөлүмчөдөн тургандай сезилет. Албетте, акын өзү минтип бөлүштүрүп жазган эмес, бирок, чыгармага үңүлө окуган адам, андагы автордук ойдун жүрүшүнө сересеп салган окурман маселенин дал ушундай экендигин так-даана туйбай койбойт.

«Аралаш төкмө» деген бул терменин шарттуу түрдөгү киришүү бөлүмчөсүн үч строфа түзөт. Биринчи строфадан акындын калың элге кайрылуусуна өнөрүн ортого салуудагы ак дилден айтылган өтүнүч кебине күбө болобуз. Акын минтип ырдап турат:

Кашымдагы калың эл,
Калыстык менен мени көр.
Өлчөөсүз акын мен элем,
Өнөрүмдү эми көр.[1, 76-б.]

Ошентип, угуп отурган элди калыс болууга, айтылчу термеге адилет баа берүүгө чакыруу менен өзүндөгү таланттын тунуктугуна, шык-жөндөмдүн бийиктигине кыпындай бир күмөн санабастан Жараткан жар болгон тубаса бул өнөрүнө өзү эле эч бир тартынбастан чыныгы өнөркездик батылдык менен «өлчөөсүз акын» деп баа берип, анан «өнөрүмдү көргүлө» деп бет маңдай олтуруп тике эле кайрылат. Мындай ыкма угуп олтурган элди психологиялык жактан белгилүү бир өлчөмдө даярдап, угуучулардын да ички ыргагын көкүрөктөгү күүсүн кандайдыр бир деңгээлде кыймылга келтирип коет. Акын баштап жаткан термени адекваттуу кабыл алууга, андагы ар бир ойду жеткилең түшүнүүгө көңүл кушун буруп коет.

Шарттуу түрдөгү киришүү бөлүмчөнү түзүп турган экинчи, үчүнчү строфалар ой учугун андан ары төмөнкүдөй багытта өнүктүрөт:

Айтпаймын өлсөм жалганды,
Алыс бол деймин балдарды.
Сакалың күйсүн деп турам,
Жалган айткан чалдарды.
Ээгимдеги сакалым,
Балдарга мен да айтамын.
Мендей чынчыл болсун деп,

Эми, силерге айтып жатамын. [1, 76-б.]

Бул эки строфаны дагы бир жолу дыкаттап көңүл коюп окуп көрөлүчү. Ооба, жалган айтуу бул таптакыр жарамсыз жорук, пенде баласындагы көңүл иренжитээрлик жаман адат. Анан калса акын өзү да, «өлсө да, жалган айтпай» жана өспүрүм балдарды болсо бул жосунсуз жоруктан, арамза адаттан «алыс бол» деп турат дамамат. Анан да калп айткан карыларды көрсө алардагы бул адатка наалат айтып гана тим болбостон тикеден тике эле «сакалың күйсүн деп» каргыш кебин багыштайт. Баарынан кызыгы, акын өзү да жаш эмес экенин айтып «ээгиңдеги сакалын», алмончок балдарга ата экендигин ортого салат. Оо, булар ар кандай ойго улук жана бийик кепилдер эле. Ушул кепилдиктердин баарысы өзүнүн ченде жок чынчыл, ашкере акыйкат жан экендигине тартылып жаткандыгы акынга болгон аздек мамилени, өзгөгө урматтоону андан бетер күчөтөт да тереңдетет. Ушундай улук да, бийик да кепил сөздөрдөн кийин акын тике эле «мендей чынчыл болгула» деген каалоо-тилегин ортого салат.

Кыскасы, шарттуу түрдөгү киришүү бөлүмчө өлсө да жалган айтпоо, ашкере чынчыл болуу жөнүндөгү ушундай ойлорду идеализациялап, поэтикалык бийик ыргак менен жар салып турат. Чыгарманын андан ары өнүгүшү жалган айтуу деген жаман адат жөнүндөгү, ашкере чынчыл болуу тууралуу турмуштан алынган ар кандай көрүнүштөрдү көркөм баяндоо аркылуу, түркүн-түс мисалдарды көркөм деталдарга айлантуу менен өнүп-өрчүп жүрүп олтурат экен деген ойго алып келип, ушундай үмүттү пайда кылат окурманда. Мындан башкача болушу түк мүмкүн эместей пикир жаратат. Анан калса, Күнчыгыш адабиятынын дүйнө элдерин тамшандырган улуу чыгармаларынын көпчүлүгү дал ушундай көркөм ыкма менен жаралган эмеспи. Бул айтылган ойдун классикалык үлгүсү катары атактуу акын Саадинин «Бостон», «Гүлистан» поэмаларын эле эске салып кетсек жетиштүү болот эмеспи. Философиялык-дидактикалык багытта жазылган бул поэмаларында улуу Саади алгач тигил же бул философиялык, дидактикалык ойду айтып туруп, андан соң ошол ойду турмуштук мисалдар, пенде баласынын жашоосундагы ар кандай көрүнүштөр менен көркөм иллюстрациялап, натыйжада, айтылган философиялык ойду андан бетер көркүнө чыгарып, катылган маанисин андан бетер кашкайтып ачып берет. Айталы, азыркы Райкан Шүкүрбеков кепке тарткан «жалган айтпоо», «чынчыл болуу» деген сыяктуу мааниси терең ойлор сыяктанган «достук», «байлык», «ден соолук» деген сыяктуу ж.б. адам баласынын жашоо-турмушундагы терең маанилүү түшүнүктөрдү улуу Саади алгач философиялык-дидактикалык өңүттөн өзүнчө, чакан бир бөлүмчөнүн көлөмүндө баяндап берет да, анан бул ойду турмуштан алынган мисалдарды көркөм баяндоо аркылуу тереңдетип, бышыктап берип жүрүп олтурат. [2.] Баарыга маалым, Р.Шүкүрбеков өз муунундагы кыргыз калемгерлеринин ичинен классикалык Күнчыгыш адабиятынын өзгөчө мыкты билермандарынын бири болгон. «Акындардын падышасы» аталган улуу Рудакиден баштап көпчүлүгүнүн чыгармаларын ичкериден мыктылап өздөштүргөн. Дал ушундай терең чыгармачылык ынтаадан улам дүйнөлүк адабияттын тарыхында автордук чыгармалардын эң көлөмдүүсү да, эң улуусу да катары эсептелген Абылкасым Фирдоусинин «Шах-намэ» эпосунун айрым бөлүмдөрүн тартынбай которуп, аларды өз алдынча китеп кылып чыгарып кыргыз окурмандарына тартуулаган [3] калемгер, таланттуу таржымачы.

Мына ошентип, Р.Шүкүрбековдун акындык тагдырындагы ушул сыяктуу көрүнүштөр «Аралаш төкмө» деп аталган терменин шарттуу түрдөгү киришүү бөлүмчөсүндөгү жалган айтпоо, чынчыл болуу жөнүндөгү философиялык, дидактикалык ойлор турмуштан алынган ишенимдүү далилдер, айныксыз мисалдар менен көркөм интерпретацияланып андан ары уланышы реалдуу чындык, сөзсүз боло турган көрүнүш катары кабыл алынат…

«Аралаш төкмө» андан ары мындайча уланат:

Өзүм ушул элденмин,
Силерди далай көргөнмүн.
О, баягы жылы эшекчен,
Айга чыгып келгенмин.
Кыргыз, казак көп экен

Анда да концерт бергенмин.
Короодон тоок койбогон,
Кожожаштай мергенмин. [1, 76-б.]

«Өзү ушул элден экендигине» макулбуз да, бул элди «далай көргөнүнө» макулбуз. Ал эми «О, баягы жылы эшекчен, айга чыгып келгенмим» дегенин эмне кылабыз?! Бул кандайча? Ал аз келгенсип Айда да «кыргыз, казак көп экенин», «Айда да концерт бергенин» далил катары айтып турганын кантебиз?! Өнүгүп келе жаткан ойдун бул кандайча бурулушу да, автордук ойду баяндоонун не деген көркөм ыкмасы бул? Көрсө, окуянын өнүгүүсүнүн мындай бурулушка ээ болуусунун белгилүү бир деңгээлдеги сыры чыгарманын аталышында катылуу окшобойбу. «Төкмө», б.а. төгүп ырдоо, көргөнүн көргөндөй боюнча чыгармага айландыруу, импровизациялоо түрк тилдүү калктардын элдик оозеки чыгармачылыгында кеңири тараган өнөр. Элдик оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрү сыяктуу эле төгүп ырдоодо да ар кандай ыкмалар, түркүн-түс жол-жоболор кеңири колдонулат. Албетте, мунун баары төгүп ырдоо учурундагы жагдай-шартка, сөзгө алынып жаткан тема менен предметке жараша болору да турган иш. Төгүп ырдап жаткан акын импровизациялоо учурунда троптун ар кайсы түрлөрүн өзгөчө бир эркин, ошондон улам бөтөнчө бир кеңири колдоно алат. Кыргыз төкмөчүлүк өнөрүндө акындар тарабынан өзгөчө сүймөнчүлүк менен адаттан тыш кеңири колдонулуп жүргөн жанрлардын бири болуп калптар эсептелет. Ошону менен бирге ырчылар тарабынан кеңири пайдаланылуучу троптун бир түрү – гипербола, апыртып айтуу.

Калптар пенде баласынын «аңдап билүүсүн, юмордук сезимин, кыялдануусун өнүктүрүү-өстүрүү максатында айтылат». [4, 40-б.]. Эгерде көркөм чыгармачылыкта калптарды пайдалануунун жөн-жайы ушундай болсо, төкмөчүлүк өнөрдө автордук ойду айтууда гипербола, апыртып айтуу да өзгөчө орунда турат. Адабият теориясы боюнча адистер гиперболага төмөнкүдөй аныктама берип жүрүшөт: «гипербола - … сүрөттөлгөн заттын же көрүнүштүн ал же бул касиетин чоңойтуп, көзгө даана түшө турган кылып көрсөтүү. Бул жол менен айтуучу же автор өзү мактап же шылдыңдап жаткан нерсенин таасирин күчөтөт. Апыртуу көркөм чыгармачылыктын көөнө түрлөрүнөн да учурайт, ал байыртадан бери жашап келген. [5. 330-б.].

Мына ошентип, Р.Шүкүрбековдун «Аралаш төкмө» деп аталган термесинин шарттуу түрдөгү биринчи бөлүмчөсүнүн башталышынан биз киришүү бөлүмчөсүндө айтылган «калп айтпоо», «чынчыл болуу» деген дидактикалык ойлордун ырааттуу улантылышына эмес, тескерисинче, элдик төкмөлүк өнөрдө өзгөчө кеңири колдонулуп келген калп жанрынын чукугандай ишке тартылышын, ушундан улам окуянын, автордук баяндоонун андан аркы өнүгүшү таптакыр башкача нукта өнүгүп, угуп олтурган адамды, окуп олтурган окурманды алда немедей психологиялык абалга алып келгенине күбө болдук. Ырасында эле «калп айтпоо», «чынчыл болуу» жөнүндөгү насаат ойлордон кийин:

О, баягы жылы эшекчен
Айга чыгып келгенмин, - деп туруунун өзү эле, айтылып өткөндөй, угарман менен окурманды адаттан тыш психологиялык абалга кириптер кылат. Чыгарманын андан аркы өнүгүшү, б.а. Айдагы жашоо-тиричиликти сүрөттөй баштоосу гана элдик оозеки чыгармачылыктагы калп жанрынын акын тарабынан көркөм баяндоонун бирден бир ийгиликтүү табылган ыкмасы катары колдонула башталгандыгын аныктайт. Чыгарма минтип уланат:

Азыр айтам силерге,
Көргөнүмдүн жөн жөнүн:
Асман жердин арасын,
Алты күн жүрсөң барасың.
Келишкен сулуу кызы көп
Жактырып сүйүп аласың. [1, 76-77-беттер.].

Минтип чексиз галлактикага кетүүчү аралыкты алты күндүк жол катары аныктоо менен акын тандап алган ыкмасын баяндоонун мындан аркы жүрүшүндө бекем тутунаарын далилдеди

десек болот. Ошентип, калп жанрынын табиятына мүнөздүү бардык өзгөчөлүктөр бул чыгарманын мындан аркы өнүгүшүндө улам жаңыча өң-түсү менен көрүнө берерин күткөнүбүз максатка ылайыктуу. Кептин баары эми калп жанрынын өзүмдү өзгөчөлүктөрү автор тарабынан канчалык деңгээлде пайдаланыларын да б.а. ар бир угарман менен окурман тээ бала күнүнөн угуп жана окуп жүргөн калптардан акындын калптары канчалык даражада ашып түшөт да, канчалык даражада ой тизмектери ырааттуу берилет. Шарттуу түрдөгү биринчи бөлүмчөдөгү баяндоонун андан аркы жүрүшү угарман менен окурманда мына ушундай ойлорду пайда кылат. Тилекке жараша, биздин жүрөксүүбүз оңунан чыгып, тымызын күтүүбүз акталат. Анткени, андагылар

Көк тунукеден асманды,
Тегеретип оюптур.
Ай, жылдызды чегелеп,
Анда кадап коюптур.
Бирок таштан экен тамагы,
Тарылып көңүлүм жадады.
Тумчугуп өлүп кетесиң,
Таппайсың мындай абаны.
Тим эле жүрөт аялы,
Эркеги туубайт баланы. [1, 77-б.]

Баракелде! Калп болбосоң коё кал! Ар кандай көркөм чыгарма угарман менен окурманда адаттан тыш сезимдерди пайда кылып, белгилүү бир деңгээлде ыракат тартуулаш керек эмеспи. Маселенин ушул жагынан алып караганда Айдагы турмуш жөнүндөгү бул баян кандайдыр бир деңгээлде өз максатына жетип, автордун алдына койгон мүдөөсү аткарылган десек болот. Ырасында эле биз бала кезде угуп жүргөн:

Кичинемде турна бактым,
Арка-арыгына жабуу жаптым.
Өз энемдин ичинде экенимде
Чоң атамдын жылкысын бактым, - деген [6, 40-б.] сыяктуу калптардан эч бир калышпайт. Ал турсун Р.Шүкүрбековдун калптары жумшак юморго, тымызын сарказмга эгедер. Төмөнкү түрмөк бул айтылган оюбуздун эң сонун мисалы десек болот:

Төөлөрү туубайт эгизден,
Уйлары туубайт сегизден.
Жайлоосунун чөбү укмуш,
Сүт чыгат экен өгүздөн. [1, 77-б.]

Албетте, калптар элдик оозеки чыгармачылыктын эзелтен бери өмүр сүрүп келе жаткан бир жанры, фольклордун ажырагыс бир бөлүгү. Ушундан улам элдик эпостордогу, дастандардагы, дегеле фольклордук көркөм туундулардагы сүрөттөөнүн бардык жол-жоболору, ыкмалары калптарга да мүнөздүү, калптарга да тиешелүү. Улуу эпосубуз «Манастан» жер соорусу кең Таластын төмөндөгүдөй көрүнүшүнө туш болобуз:

Балтырканы билектей,
Маралдары ошондо
Мала кашка инектей.
Кескелдирик жыландай,
Оюн салган куланы
Толмоч семиз кунандай.
Жыландары аркандай,
Жалбырагы жаргактай,
Кара курту бармактай.
Чымчыгына карасаң
Алтайдагы улардай.

Чырпыгы бар чынардай,
Чынарлары мунардай, [7, 171-б.].

Ал эми элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикасынын алкагында талант-шыктары тарбияланган эл ырчыларынын көркөм туундуларынан да дал эпостогудай сүрөттөөлөрдү жолуктурабыз. Айталы, атактуу акыныбыз Молдо Кылычтын «Чүй баяны» деген белгилүү поэмасы бар. Бул чыгармадан биз Чүй өрөөнүн төмөндөгүдөй көрүнүшүн окуйбуз:

Коендору козудай,
Аңдасаңыз абайлап
Коондору сокудай.
Байкап турса суусунда,
Балыктары манектей.
Карап турса капкара,
Коңуздары муштумдай.
Сар жыландын чоңдугу
Жаш баланы жуткандай.
Чегирткеси сакадай,
Көпөлөктүн чоңдугу
Көйнөгүнө салдырган
Кадим алка жакадай.[8, 81 – 82-беттер].

Эки мисалдан тең айкын болуп тургандай мындан биз гиперболалык сүрөттөөлөрдүн көрүнүшүнө күбө болдук. Дегеле сүрөттөөнүн гиперболалык (апыртып көрсөтүү) ыкмасы элдик оозеки чыгармачылыгыбызга өзгөчө мүнөздүү белги болуп эсептелет эмеспи. Балтырканды билектей, чынарды мунардай деп сүрөттөө эпостун өзүмдүк сапаттарынын бири болуп эсептелет, мындай баяндоону эч ким эрөөн-төрөөн көрбөйт. Ошондой эле коенду козудай, балыкты манектей, коңузду муштумдай, чегирткени сакадай, көпөлөктү алка жакадай деп сүрөттөгөн элдик ырчыны да эч ким акаарат сөзгө албайт. Анткени, эки учурда тең көркөм баяндоонун ички табияты менен төп келишип турган спецификалуу сапат-белгиси ишке тартылып жатат. Чыгармачылыктын мыйзамченеми бузулган жок.

Колдонулган адабияттар

1. Тиллебаев С. Улуттук университет – улуттук билим берүүнүн уюткусу // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Атайын чыгарылыш (S). – Бишкек: «Университет» басмаканасы, 2022.
2. Шүкүрбеков Р. Райкан: тандалган ырлар, тамсилдер, термелер / түз. А. Өмүрканов. – Бишкек: Кыргызстан, 1997. – (Кыргыз классикасы сериясы).
3. Саади. Бустан. Лирика. – Москва: Гослитиздат, 1962; Саади. Гүлистан: мисалдар жана ырлар / которгон Ш. Абдыраманов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983.
4. Фирдоуси А. Шах-наме («Шах-намеден» дастандар) / которгон Р. Шүкүрбеков. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958; Фирдоуси А. Рустам-Дастан («Шах-намеден») / которгон Р. Шүкүрбеков. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1960.
5. Шериев Ж., Муратов А. Кыргыз адабияты: терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек: КЭнин башкы редакциясы, 1994.
6. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек: Шам, 1996.
7. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1987.
8. Манас: эпос / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1-китеп.
9. Молдо Кылыч. Казалдар / жыйнакты түзгөн жана түшүндүрмөлөрүн жазган О. Сооронов. – Фрунзе: Адабият, 1990.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Жумаев М.К.